5.7. Тараптар банк товарлардын иш жүзүндө жеткирилишин, иштердин иш жүзүндө аткарылышын, кызмат көрсөтүүлөрдү, коштолгон контракт боюнча башка милдеттенмелердин иш жүзүндө аткарылышын текшерүүгө карата иш-чараларды жүргүзбөй тургандыгына, ошондой эле берилген негиздөөчү документтердин аныктыгына экспертиза жүргүзбөгөнүнө макул болушат.

## 6. Которууга талаштуу табыштамаларды макулдашуу

6.1. Эгерде которууга табыштамага карата банк которууга табыштаманы макулдашуу/макул болбоо жөнүндө өз алдынча чечим кабыл ала албаса, банк мындай талаштуу которууга карата БК заказчысына Жеке кабинет аркылуу суроо-талапты жөнөтүүгө укуктуу.

6.2. Бул учурда БК заказчысы БК катышуучусун которууга карата талаштуу табыштаманы макулдашуу/макул болбоо жөнүндө чечимди банк тарабынан жеке кабинет аркылуу тиешелүү суроо-талап жөнөтүлгөн күндөн кийинки 5 (беш) жумуш күнүнөн кечиктирбестен банкка жөнөтүүгө милдеттүү. БК заказчысы өз алдынча же өзүнүн ыйгарым укуктуу өкүлдөрү аркылуу күн сайын жеке кабинетке кайрылууга милдеттүү.

6.3. БК заказчысы тарабынан талаштуу которуу табыштамасы боюнча кабыл алынган чечимдин жыйынтыгы боюнча Банк Келишимдин 5.4.4-пунктта каралган иш-аракеттерди жүзөгө ашырат.

6.4. Эгерде 6.2-пунктта көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде БК заказчысы тиешелүү чечим кабыл албаса же банк тарабынан БК заказчысынын талаштуу табыштамасын көрсөтүлгөн мөөнөттө макулдашуу/макул болбоо жөнүндө бир беткей жооп алынбаса, банк которууга карата талаштуу табыштамасын макулдашпайт жана коштоочу контракттын ишке ашырылышына мындай табыштаманы аткаруучуга/катышуучуга аткаруусуз кайтарып берет. БК заказчысынын которууга карата талаштуу табыштаманы макулдашуудан баш тартуусу кандай болгон күндө дагы, банктын мындай которууга табыштаманы которууга буйрук катары кабыл алуудан баш тартуусу үчүн сөзсүз негиз болуп саналат. Банк которууда талаштуу табыштаманы аткарбастан кайтарып берүүнүн мүмкүн болгон кесепеттери үчүн жоопкерчилик тартпайт.

## 7. БК сервиси

7.1. БК сервистерин пайдалануу тартиби колдонуучулук макулдашууда белгиленет.

## 8. БК кызмат көрсөтүүлөрүн токтотуунун тартиби

8.1. Банк БК табыштамасы боюнча БК кызматын көрсөтүүлөрүн төмөнкү учурларда токтотот:

8.1.1. Коштоочу контракт боюнча милдеттенмелерди аткарууга байланыштуу.

8.1.2. БК заказчысынын демилгеси боюнча БК табыштамасын аткарууну токтотууга байланыштуу;

8.2. Банк 8.1.1-пунктка ылайык БК табыштамасы боюнча БС заказчысынан коштоочу контракт боюнча милдеттенмелердин аткарылышы жөнүндө жазуу жүзүндөгү билдирүүнү алган жана аткаруучу тарабынан коштолгон контрактты аткаруу максатында тартылган контрагенттер менен бардык эсептешүүлөр аяктаган күндөн тартып 5 (беш) жумушчу күндүн ичинде БК кызматын көрсөтүүнү токтотот. БК заказчысы банкка көрсөтүлгөн жагдайлар келип чыккан учурдан тартып 5 (беш) иш күндүн ичинде жазуу жүзүндө билдирүү жөнөтүүгө милдеттүү.

8.3. 8.1.2-пунктка ылайык табыштаманы аткарууну токтотуу үчүн Заказчы БК табыштамасын аткарууну токтотуу жөнүндө банкка жазуу жүзүндө, анын ичинде аны аткарууну токтотуу датасына чейин 30 (отуз) календардык күндөн кечиктирбестен мөөнөтүнөн мурда билдирүү жөнөтүүгө укуктуу.

8.4. БК табыштамасы боюнча БК кызмат көрсөтүүлөрүн токтотууда БК катышуучуларынын айрым эсептери банк менен БК катышуучусунун ортосундагы макулдашууда каралган тартипте жабылууга же банктык эсеп режимине которулууга тийиш. БК заказчысы банк менен макулдашуу боюнча БК параметрлеринде БК катышуучуларынын айрым эсептерин жабуунун же аларды банктык эсеп режимине которуунун кошумча шарттарын белгилөөгө укуктуу.

## 9. Банктын кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөө тартиби жана мөөнөттөрү

9.1. Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө контрактты банктык коштоону камсыздоо тууралуу” токтомуна ылайык түзүлгөн коштоочу контрактка карата БК кызмат көрсөтүүлөрү банк тарабынан акы алынбастан көрсөтүлөт.

9.2. БК табыштамасы боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү токтоткон күндөн тартып 5 (беш) иш күндүн ичинде банк БК заказчысына актты (2 нуска) тариздейт жана жөнөтөт. БК заказчысы актыга аны банктан алган күндөн тартып 5 (беш) иш күндүн ичинде кол коет жана бир нускасын Банкка кайтарып берет. БК заказчысынан кол коюлган акт же жазуу жүзүндө жүйөлүү каршы пикирлер/доомattар банк тарабынан кол коюлган актыны БК заказчысы алган учурдан тартып 5 (беш) иш күндүн ичинде алынбаса, акт Тараптар тарабынан макулдашылган болуп эсептелет.

## 10. Жоопкерчиликти чектөө

10.1. Ушул бөлүм жана Келишимдин шарттары менен жөнгө салынбаган бөлүгүндө Тараптар Келишим боюнча милдеттенмелерди аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

10.2. Тараптар банк жоопкерчилик тартпайт деп макул болушат:

10.2.1. БК катышуучусу тарабынан милдеттенмелерди аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн;

10.2.2. коштолуп жаткан контракт/контракт боюнча БК катышуучусунун милдеттенмелеринин сапаты жана иш жүзүндө аткарылышы үчүн.

10.2.3. келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн, аталган бузуулар телекоммуникациялык түйүндөрдөгү үзгүлтүктөрдөн, маалыматтарды берүү үчүн колдонулган байланыш каналдарынын иштебей калышынан, зыяндуу программалардын аракеттеринен, БС кызматтарын көрсөтүүдө колдонулган программалык камсыздоонун банктын жана/же үчүнчү жактардын аракеттеринин/аракетсиздигинин айынан келип чыккан шартта.

10.2.4. *[банктын кароосу боюнча кошумча жоопкерчилик]*.

10.3. БК катышуучулар тарабына анык эмес, толук эмес же жараксыз негиздөөчү документтерди берүүнүн натыйжасында которууга тескеме катары кабыл алынган табыштамалардин аткарылышы үчүн Банк жоопкерчилик тартпайт.

## 11. Ал жеткис күчтүн жагдайлары

11.1. Келишим боюнча Тараптар өз милдеттенмелерин аткарбагандыгы же тийиштүү аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликтен ал жеткис күчтүн жагдайлары келип чыккан учурда бошотулат, аларга кирет *[табигый кырсыктар, авариялар, өрт, массалык баш аламандык, иш таштоо, аскердик аракеттер, үчүнчү жактардын укукка каршы аракеттери, Тараптардын Келишим боюнча өз функцияларын аткаруусуна түздөн-түз же кыйыр түрдө тыюу салган же тоскоолдук кылган ченемдик укуктук актылардын күчүнө кириши, анын ичинде, банктын контрагенттери же банк-корреспонденттери жайгашкан өлкөдөгү мамлекеттик органдар тарабынан тыюу салуу жана чектөө чараларына жана Тараптардын эркине көз каранды болбогон башка жагдайларга байланыштуу]*.

11.2. Ал жеткис күч жагдайлары келип чыкканда Тарап токтоосуз, бирок [7 *(жети)]* календардык күндөн кечиктирбестен алар жөнүндө экинчи Тарапка жазуу жүзүндө билдирүүгө тийиш.

11.3. Жогоруда көрсөтүлгөн жагдайлар токтотулгандан кийин Тарап токтоосуз, бирок [7 *(жети)*] календардык күндөн кечиктирбестен бул жөнүндө экинчи Тарапка жазуу жүзүндө билдирүүгө тийиш. Билдирүүдө келишим боюнча милдеттенмелерди аткаруу болжолдонгон мөөнөт көрсөтүлүүгө тийиш.

## 12. Келишимдин колдонуу мөөнөтү

12.1. Келишим белгисиз мөөнөткө түзүлгөн жана Тараптар кол койгон күндөн тартып күчүнө кирет.

12.2. Келишимге кол коюу датасы келишимдин преамбуласында көрсөтүлгөн ага кол коюлган дата болуп эсептелет.

## 13. Колдонулуучу мыйзамдар

13.1. Бул Келишим Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жөнгө салынат жана чечмеленет.

## 14. Келишимди өзгөртүү жана бузуу тартиби

14.1. Эгерде ушул келишимде башкача каралбаса, келишимге карата бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор эки Тараптын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан жазуу жүзүндө бирдиктүү документке кол коюу жолу менен жасалганда жарактуу болуп саналат.

14.2. Келишимди бузууга Тараптардын макулдашуусу боюнча же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздер боюнча соттун чечими боюнча жол берилет.

14.3. Келишимди бузуу жөнүндө макулдашуу жазуу жүзүндө түзүлүшү керек. Мында Тараптардын келишимди бузуу жөнүндө макулдашууга кол коюу фактысы Тараптарды өз ара эсептешүүлөрдү жөнгө салуу милдетинен бошотпойт.

14.4. Эгерде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан банкты ыйгарым укуктуу банктардын тизмегинен чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алынган болсо, Банк, эгерде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечиминде башкача көрсөтүлбөсө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мындай чечими күчүнө киргенге чейин банк тарабынан бекитилген БК табыштамаларына карата гана банктык коштоону ишке ашырууга укуктуу. Банк Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети кабыл алган чечим жөнүндө маалымат алган күндөн кийинки он жумушчу күндүн ичинде БК заказчысын жана БК катышуучуларын маалымдоого милдеттүү. Бул келишимдин шарттары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мындай чечими күчүнө киргенге чейин Банк тарабынан бекитилген БК бардык табыштамаларына карата Тараптар өз милдеттенмелерин толук аткарганга чейин күчүндө болот.

## 15. Талаш-тартыштарды кароонун тартиби

15.1. Ушул келишимди түзүүгө, аткарууга, өзгөртүүгө же токтотууга байланыштуу, ошондой эле анын жараксыздыгына байланыштуу маселелер боюнча Тараптардын ортосунда келип чыккан бардык талаш-тартыштар же пикир келишпестиктер сүйлөшүү жолу менен жөнгө салынууга тийиш.

15.2. Эгерде талаш-тартыш келип чыккан учурдан тартып 30 күндүн ичинде сүйлөшүүлөр жолу менен жөнгө салынбаса, анда талаш-тартыш Банк жайгашкан жер боюнча жергиликтүү сот тарабынан каралууга тийиш.

## 16. Купуялуу жана мыйзам менен корголгон маалымат

16.1. Тараптардын ар бири ушул Келишимдин алкагында ага жеткиликтүү болгон купуялуу маалыматты башка Тараптын жазуу жүзүндөгү макулдугусуз санкциясыз пайдалануудан, жайылтуудан же жарыялоодон коргоону камсыз кылууга милдеттүү.

16.2. Ушул Келишимдин алкагында берилген купуялуу маалыматта тийиштүү "купуялуу" деген белги болууга тийиш. Купуялуу маалыматты алып жүрүүчүлөр, эгерде Тараптар жазуу жүзүндө башкача макулдашпаса, кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын негизинде Тараптардын ортосунда берүүсү тийиш.

16.3. Муну менен БК заказчысы банк сырын түзгөн маалыматтарды жана документтерди, анын ичинде Россия Федерациясынын аймагында катталган "Газпромбанк" (акционердик коом) негиздеген документтерди өткөрүп берүүгө өзүнүн макулдугун берет жана тапшырат, ИИН 7744001497 НМКН 1027700167110 28.08.2002-жылдан баштап текст боюнча ГПБ банкы (АК), Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги (*башка жак*) деп аталат, ошондой эле БК калган катышуучулары тарабынан ушул пунктта көрсөтүлгөн жазуу жүзүндөгү макулдуктун берилишин камсыз кылат.

16.4. БК заказчысынын кызыкчылыгын көздөгөн жеке жактардын жеке маалыматтарына карата – жеке ишкерлер, менчик ээлери, уюштуруучулар, акционерлер же Катышуучулар, башкаруу органдарына кирген жактар, ошондой эле ишеним каттын негизинде же ишеним катсыз БК заказчысынын атынан же анын кызыкчылыгында иштеген адамдар, БК заказчысы жеке маалыматтарды кармоочу катары чыгат (мындан ары ушул бөлүмдүн максаттары үчүн БК заказчысы кармоочу деп түшүндүрүлөт) жана ага жүктөлгөн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын бардык талаптарын аткарууга милдеттенет, ал

эми банк иштеп чыгуучу катары (ушул бөлүмдүн максаттары үчүн иштеп чыгуучу деп Банк түшүндүрүлөт) БК заказчысынын кызыкчылыгында жеке маалыматтарды иштеп чыгууну жүзөгө ашырууга милдеттенет.

16.5. Кармоочу жеке маалыматтарды камтыган маалыматты берүүгө, иштеп чыгууга, сактоого, сканерлөөгө, көчүрүүгө жеке маалыматтар субъектисинин макулдугу Россия Федерациясына жеке маалыматтарды трансчегаралык берүүгө макулдугун кошо алганда, колдонуудагы мыйзамдарда белгиленген тартипте алынгандыгын тастыктайт.

16.6. Кармоочунун жеке маалыматтары менен аткарыла турган иш-аракеттердин тизмеси төмөнкүлөрдү камтыйт, бирок алар менен чектелбейт: жеке маалыматтарды чогултуу, системалаштыруу, сактоо, өзгөртүү, пайдалануу, ээсиздендирүү, бөгөттөө, берүү.

16.7. Тараптар ушул келишимди тийиштүү түрдө аткаруу үчүн зарыл болгон жана колдонуудагы мыйзамдарда каралган учурларды кошпогондо, аларга белгилүү болгон бардык жеке маалыматтар үчүнчү жактарга ачык болууга тийиш эмес деген макулдашууга келишти.

16.8. Муну менен БК заказчысы жеке маалыматтарды түзгөн маалыматтарды жана документтерди ГПБ банкына (АК), Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине, [*башка жакка*] берүүгө өзүнүн макулдугун берет.

16.9. Тараптар жеке маалыматтарды санкцияланбаган же кокустан кирүүдөн, жеке маалыматтарды өзгөртүүдөн, бөгөттөөдөн, көчүрүүдөн, жайылтуудан, берүүдөн, жок кылуудан, ошондой эле колдонуудагы мыйзамдарда каралган жеке маалыматтарга карата башка мыйзамсыз аракеттерден коргоону камсыз кылуу боюнча укуктук, уюштуруучулук жана техникалык чараларды көрүүгө милдеттүү.

## 17. Корутунду жоболор

17.1 БК сервистери аркылуу жөнөтүлө турган жана/же алмашыла турган билдирүүлөрдөн тышкары, келишимге ылайык жиберилүүчү бардык билдирүүлөр жана кабарлоолор жазуу жүзүндө таризделет .

*[жана кол менен тапшырылат же келишимдин 19-бөлүмүндө көрсөтүлгөн даректер боюнча почта курьердик кызматтары тарабынан жөнөтүлөт] же*

*[жана келишимдин 19-бөлүмүндө көрсөтүлгөн даректер боюнча заказдык почта аркылуу жөнөтүлөт]; же*

*[банктын аралыктан тейлөө сервисин пайдалануу менен [банктын аралыктан банктык тейлөө сервисинин аталышы көрсөтүлөт] банк менен БК заказчысынын ортосундагы келишимде каралган тартипте]; же*

*[жана төмөнкү даректер боюнча электрондук почта аркылуу жөнөтүлөт:*
*Банк үчүн*
*Көңүл буруу: [_________]*
*Электрондук почта дареги: [_________]*

*БС заказчысы үчүн*
*Көңүл буруу: [_________]*
*Электрондук почта дареги: [_________]*

Билдирүүлөрдү/кабарлоолорду заказдык почта, почта курьердик кызматтары аркылуу жөнөткөн учурда, Тарап ошондой эле билдирүүнү/кабарлоону сканерленген түрдө электрондук почта аркылуу 17.1 пунктта көрсөтүлгөн даректер боюнча кайталоого милдеттенет, ошону менен бирге билдирүү/кабарлоо алынган деп эсептелинет жана электрондук почта системасы/корпоративдик системасы менен тастыктала турган электрондук почта аркылуу билдирүүнү/кабарлоону ийгиликтүү алган учурда укуктук кесепеттерди жаратат. Билдирүүнүн/кабарлоонун түп нускасы жана электрондук почта аркылуу жөнөтүлгөн сканерленген көчүрмө бири-бирине дал келбесе,

билдирүүнүн/кабарлоонун электрондук почта версиясы жарактуу болуп эсептелет. Мындай учурда билдирүүнүн/кабарлоонун түп нускасын электрондук почта аркылуу жиберилген тийиштүү сканерленген көчүрмөдөн айырмаланган Тарап аны электрондук почта аркылуу жиберилген тийиштүү сканерленген көчүрмөнүн жазуу түрүндө башка Тарапка кыска мөөнөттө берүүгө милдеттүү.

17.2. Тарап 17.1 пунктта көрсөтүлгөн байланыш маалыматтарын БКдагы табыштамада көрсөтүү же башка Тарапка жазуу жүзүндө билдирүү жөнөтүү жолу менен өзгөртүүгө укуктуу. Эгерде мындай кабарлоонун күчүнө кирүү мөөнөтү Тараптардын мындай кабарлоосунда көрсөтүлбөсө, мындай кабарлоону жөнөткөн Тараптан жазуу жүзүндөгү билдирүү алынган учурдан тартып өзгөртүүлөр күчүнө кирет.

17.3. Тараптар Келишим боюнча кызмат көрсөтүү максатында Банк үчүнчү жактарды тартууга укуктуу экендигине макул болушат, мында БК заказчысынын Банк тарабынан үчүнчү жактарды тартууга макулдугун алуу талап кылынбайт.

17.4. Эгерде ушул Келишимдин жоболорунун бири кандайдыр бир себептерден улам жараксыз деп табылса, мындай жобонун жараксыздыгы калган жоболордун жана бүтүндөй келишимдин жарактуу болуусуна таасир этпейт.

17.5. Өзүнчө эсептерди ачуу үчүн банктын кеңселеринин тизмеси сайтта жайгашкан: ___________.

17.6. Банктык коштоо маселелери боюнча Банктын байланыш жагы: ___________.

## 18. Тиркемелер

1. Терминдер жана аныктамалар
2. Банктык коштоого табыштаманын формасы
3. Банктык коштоо параметрлерин өзгөртүүгө табыштаманын формасы

## 19. Тараптардын даректери жана реквизиттери

| | |
|---|---|
| **БАНК** | [Банк.Аталышы] [Филиал] |
| **ИНН** | [Филиал.ИНН] |
| **Юридикалык дареги:** | [Филиал.Дареги] |
| **Корреспонденттик эсеп** | [МБ.Банк.НБ эсебинин номери] |
| **БИК** | [Филиал.БИК] |
| [Телефон] | [Телефон] |
| **Факс** | |
| **Электрондук почта** | |
| **Интернеттеги сайт** | |

| | |
|---|---|
| **БК заказчысы** | [Аталышы] |
| **ИНН** | [ИНН] |
| **Юридикалык дареги:** | [Дареги] |
| **Эсептешүү эсеби** | [Упай.Номери] |
| | |
| **Телефон** | [Телефон] |
| **Факс** | |
| **Электрондук почта** | [EMail] |
| **Интернеттеги сайт** | |

**Банк** **БК заказчысы**

____________/____________ __________/______________

**М.О.** **М.О.**

БК жөнүндө келишимдин
типтүү формасынын
1-тиркемеси

# ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР

"Банктык коштоонун заказчысы (БК заказчысы)" - банк менен банктык коштоо жөнүндө келишим түзгөн жак.

"БК табыштамасы" – БК заказчысы тарабынан Банкка ушул Келишимдин №2 тиркемесинде көрсөтүлгөн формада БК кызматын көрсөтүүгө жана конкреттүү коштолуучу контрактка карата БК параметрлерин аныктоо үчүн табыштама.

"БК параметрлерин өзгөртүүгө табыштама" – БК заказчысы тарабынан ушул Келишимдин №3 тиркемесинде көрсөтүлгөн форма боюнча БК параметрлерин өзгөртүү үчүн Банкка берилген табыштама.

"Которууга табыштама" - акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышын контролдоо жол-жоболорун жүзөгө ашыруу үчүн банкка жиберилүүчү төлөм документинин БК катышуучусу тарабынан түзүлгөн долбоору.

"Интерактивдүү отчеттуулук" – БК заказчысына *[жана КК заказчысына]* Банк тарабынан сунушталган БК сервиси, БК кызматын көрсөтүү боюнча учурдагы абалды жана статистиканы чагылдырууга, ошондой эле отчетторду түзүү жана эсептөөлөргө мониторинг жүргүзүүнүн натыйжасы тууралуу жыйынды маалыматты жүктөөгө багытталган, 24/7 режиминде үзгүлтүксүз калыптанган акча каражаттарын жана максаттуу чыгымдалышын контролдоонун натыйжалары, ага жетүү жеке кабинет аркылуу камсыз кылынат.

"Аткаруучу" – БК заказчысы [БК заказчысы] менен Банктык Коштоону түзгөн жак.

"Контракт"- контракт деп Коштолуучу контрактты ишке ашыруунун Аткаруучусу жана Катышуучусу ортосунда түзүлгөн келишим, ошондой эле коштолуучу контрактты ишке ашыруу максатында (контекстке жараша бир эле учурда же өзүнчө) коштолуучу контрактты ишке ашыруунун Катышуучуларынын ортосунда түзүлгөн келишим түшүнүлөт.

"Акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышын контролдоо"- которууга табыштамаларды жана банк тарабынан жүзөгө ашырылуучу негиздөөчү документтердин БК параметрлерине жана коштолуучу контракттын жана/же контракттын шарттарына ылайык келүүсү боюнча БК катышуучулары тарабынан айрым эсептер боюнча эсептешүүлөр жүргүзүлгөнгө чейин текшерүү.

"Купуялуу маалымат" - "Купуялуу" белгиси бар ар кандай маалымат.

"Жеке кабинет" - Банк тарабынан БК заказчысына [КК заказчы] көрсөтүлүүчү БК сервиси, ал аркылуу Банк менен БК заказчысы ортосунда талаш төлөмдөрдү макулдашуу, маалыматтарды, билдирүүлөрдү жана документтерди электрондук формада алмашуу ишке ашырылат, ошондой эле интерактивдүү отчеттуулукка жетүү камсыз кылынат.

"Негиздөөчү документтер" - юридикалык жактан милдеттүү документтер жана/же бухгалтердик эсептин баштапкы документтери жана/же өткөрүп берүүгө табыштаманын негизинде өзүнчө эсепте алар менен акча каражаттарын максаттуу пайдалангандыгын тастыктаган БКга катышуучуларынын башка документтери.

"Өзүнчө эсеп" - банкта ачылган банктык (атайын) эсеп, ал боюнча Банк БК катышуучуларына өзүнчө эсеп режимин белгилейт, алар үчүн БК параметрлери банк тарабынан эсептешүүлөргө мониторинг жүргүзүү жана акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышын контролдоо максатында өзүнчө эсепти пайдалануу менен коштолуучу контракт/контракт боюнча эсептешүүлөр каралган.

“Банктык коштоонун параметрлери (БК параметрлери)” - БК табыштамасында конкреттүү коштолуучу контрактка карата БК кызматын көрсөтүүнүн негизги шарттары, анын ичинде өзүнчө эсепти пайдалануу тартибине карата талаптар, коштолуучу контрактты ишке ашыруунун жана акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышын контролдоонун алкагында БК катышуучуларынын өзүнчө эсептерде эсептешүүлөрүнө мониторинг жүргүзүү.

“Негиздөөчү документтерди кабыл алуу порталы” - Банк тарабынан БК катышуучуларына берилүүчү БК сервиси, алар менен эсептешүүлөр өзүнчө эсепти пайдалануу менен гана жүргүзүлөт, ал аркылуу БК мындай Катышуучулары негиздөөчү документтерди банкка өткөрүп беришет.

“Которууга тескеме” - акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышына контролдон өткөн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2021-жылдын 8-декабрындагы №П-14/68-7-(ПС) токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасындагы накталай эмес эсептешүүлөр жөнүндө жобого ылайык өзүнчө эсеп боюнча чыгым операцияларын жүргүзүү үчүн банк тарабынан кабыл алынган которууларга табыштама.

“БК сервистери” - БК кызмат көрсөтүү максатында иштелип чыккан жана жеке кабинетти, интерактивдүү отчеттуулукту, негиздөөчү документтерди кабыл алуу порталын камтыган маалыматтык сервистер.

“Коштолуучу контракт” - реквизиттери БК табыштамасында көрсөтүлгөн БК заказчысы жана Аткаруучу тарабынан түзүлгөн мамлекеттик сатып алуу жөнүндө контракт.

“Которууга талаш табыштама” - акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышын контролдоонун алкагында банк макулдук берүү/макулдук бербөө жөнүндө өз алдынча чечим кабыл ала албаган жана ушул Келишимде белгиленген тартипте БК заказчысы менен макулдашылууга тийиш болгон которууга табыштама.

“БК кызматтарын көрсөтүү” – Коштолуучу контракты жана акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышын, эсептешүүлөрдүн мониторингин натыйжага жеткирүүнү контролдоону, акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышын БК заказчысына билдирүүнү, контролдоону, ошондой эле БК катышуучуларына БК сервистерин берүүнү ишке ашыруунун алкагында өзүнчө эсептерде БК катышуучуларынын эсептешүү мониторингин Банк тарабынан ишке ашыруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн комплексин камтуучу контрактты банктык коштоо кызматтарын көрсөтүү.

“БК катышуучусу” – Биргелешип же өзүнчө БК заказчысы, КК заказчысы, Коштолуучу контрактты ишке ашыруунун Аткаруучучу жана/же Катышуучусу.

“Коштолуучу контрактты ишке ашыруунун катышуучулары”- Контракттын негизинде коштолуучу контрактты ишке ашырууга Аткаруучу тарабынан тартылган жактар, алар менен эсептешүүлөр өзүнчө эсепти колдонбостон жүргүзүлүшү мүмкүн болгон башка контрагенттерди кошпогондо, өзүнчө эсепти пайдалануу менен гана жүргүзүлөт.

“Башка контрагенттер” - БК параметрлеринде көрсөтүлгөн жактар, алар менен эсептешүүлөр Коштолуучу контрактты ишке ашырууга тартылган учурда өзүнчө эсепти пайдаланбастан эсептешүүлөр жүргүзүлөт.

**Банк** **БК заказчысы**

БК жөнүндө келишимдин
типтүү формасынын
2-тиркемеси

# БАНКТЫК КОШТООГО ТАБЫШТАМАНЫН ФОРМАСЫ

**Банктык коштоого табыштама**[1][2]

*[Фирмалык бланкта таризделет]*

[Эскертүү: Бул форма сатып алуучу уюм/Агент тарабынан фирмалык бланкта толтурулат жана ыйгарым укуктуу банк тарабынан өзгөртүлүшү (оңдолушу) мүмкүн. Курсив менен көрсөтүлгөн жоболор документтин акыркы версиясын түзүү үчүн мисал катары келтирилген.

Сатып алуучу уюмдун/Агенттин банктык коштоого табыштамасында көрсөтүлгөн банктык коштоо параметрлери төмөндө белгиленген банктык коштоо параметрлерине карама-каршы келген же ылайык келбеген же аларды колдонуу Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен макулдашылбаган учурларда, ыйгарым укуктуу банк банктык коштоого табыштаманы бекитүүдөн баш тартышы мүмкүн.]

Бул Табыштама Банктык коштоо жөнүндө 20__-жылдын “___”_______ №___ Келишимдин (мындан ары – БК Келишими) 3.1 п. ылайык банктык коштоого берилет:

**БК заказчысы жөнүндө маалыматтар**

| | |
|---|---|
| Толук аталышы: | |
| Кыскартылган аталышы: | |
| ИНН: | Каттоо мамлекети: |
| Каттоо номери: | |
| Мамлекеттик каттоо органы жана датасы | |
| НМКН: | |
| Юридикалык дареги: | |
| Почта дареги: | |
| БК табыштамасы боюнча БК заказчысынын байланыш жагы | Тел.:____________________<br>Моб. тел. :________________<br>Электрондук почта |

---

[1]БК заказчысы же Банк БК табыштамасынын формасын өз алдынча өзгөртүүгө же кандайдыр бир жол менен толуктоого укуктуу.

[2] БК табыштамасы Иш регламентинде каралган тартипте электрондук документ түрүндө санарип сервисте [Банктын сервисинин аталышы көрсөтүлөт] түзүлүшү мүмкүн [Банктын сервисинин аталышы көрсөтүлөт]];

| | |
|---|---|
| | дареги:____________________ |
| Кошумча маалыматтар: | |

## БАНКТЫК КОШТООНУН ПАРАМЕТРЛЕРИ

**1. Коштолуучу контракт жөнүндө маалыматтар:**

| | |
|---|---|
| Аткаруучу: | |
| Корутунду датасы: | |
| Буюм: | |
| Контрактын суммасы: | |
| Контракты колдонуу мөөнөтү: | |
| *Мамлекеттик сатып алуу жөнүндө маалыматтар* | |
| *Сатып алуу номери:* | |
| *Сатып алуу методу:* | |
| *Кошумча маалыматтар:* | |

**2. Олуттуулук лимити, сом:**

[Олуттуулук лимити Коштолуучу контракттын баасынан/наркынан 5%га чейин (КНСти эске алуу менен), бирок 75 000 сомдон кем эмес жана 3 000 000 сомдон ашык эмес өлчөмдө белгиленет. Өзгөчө учурларда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен макулдашуу боюнча конкреттүү коштолуучу контракт боюнча олуттуулуктун лимити 5 000 000 сомго чейин көбөйтүлүшү мүмкүн.]

Олуттуулуктун лимити: ____________________.

**3. Коштолуучу контрактты ишке ашыруунун катышуучуларынын өзүнчө эсепти пайдалануу менен эсептешүүлөрү:**

**3.1.** Коштолуучу контрактты ишке ашыруунун катышуучуларынын тизмеси, алар менен эсептешүүлөр өзүнчө эсепти пайдалануу менен жүргүзүлөт:

| |
|---|
| Башка контрагенттерди - БК параметрлеринин 3.2 пунктунда көрсөтүлгөн жактарды кошпогондо, Коштолуучу контрактты ишке ашыруунун бардык катышуучулары. |

**3.2.** Башка контрагенттердин тизмеси, алар менен эсептешүүлөр өзүнчө эсепти колдонбостон жүргүзүлөт:

| |
|---|
| 1) мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары; |
| 2) мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер, унитардык ишканалар; |
| 3) мүлктүк кызыкчылыктарды камсыздандыруу кызматын көрсөткөн |

| |
|---|
| камсыздандыруучулар; |
| 4) материалдарды, сырьену, конструкцияларды, жабдууларды, техникаларды түздөн-түз өндүрүүчүлөр; |
| 5) иштерди аткаруу, коштолуучу контрактты ишке ашыруу үчүн зарыл болгон конструкцияларды, жабдууларды, техникаларды сатып алуу үчүн Өзүнчө эсепке берилген кредиттерди тындыруу учурунда, ошондой эле Коштолуучу контрактты аткаруу максатында берилген банктык кепилдиктердин наркын төлөөдө кредиттик уюмдар; |
| 6) коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр, анын ичинде электр энергиясы жана суу менен камсыздоо үчүн төлөмдөрдү алуучулар; |
| 7) табигый монополиялардын субъекттери; |
| 8) мамлекеттик бюджеттен тышкаркы фонддор; |
| 9) Банк; |
| 10) менчик укугун тастыктаган документтердин негизинде алардын менчиги болуп саналган кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү ижарага берүүчүлөр (лизинг берүүчүлөр); |
| 11) маалыматтарды, лицензияларды жана алардын мамлекеттик жана муниципалдык реестрлеринин, мамлекеттик алымдарды алуучулардын башка суроо-талаптарын бергендиги үчүн төлөмдөрдү алуучулар; |
| 12) талаптары мыйзамдуу күчүнө кирген сот актыларын мажбурлап аткаруу жөнүндө берилген документтер менен тастыкталган кредиторлор; |
| 13) отун жана башка күйүүчү-майлоочу материалдарды берүүчүлөр; |
| 14) жарандык-укуктук мүнөздөгү келишимдер боюнча өз милдеттерин аткаргандыгы үчүн сый акы алган жеке жактар; |
| 15) курулуштун аймагын даярдоого, алар алынганга чейин мындай участоктордун инженердик тармактарын көчүрүү боюнча иштерди аткаруу үчүн зарыл болгон жер участокторунун менчик ээлери жана (же) укук ээлери; |
| 16) субижара (сублизинг) келишиминин негизинде кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктүн суб-ижарачылары (лизинг берүүчүлөр); |
| 17) тиешелүү материалдарды, сырьену, конструкцияларды, жабдууларды, техниканы төлөөдө - түздөн-түз даярдоочунун атынан сатуу укугу берилген расмий дистрибьюторлор, дилерлер, соода үйлөрү, логистикалык операторлор жана башка адамдар; |
| 18) коштолуучу контракттын/контракттын баасынын/наркынын___% (пайызы) көлөмүндө коштомо чыгымдарына тиешелүү кызмат көрсөтүүлөрдү жана товарларды түздөн-түз берүүчүлөр, анын ичинде, бирок чектелбестен:<br>а. кызматтык жүрүү жана жашоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр, ошондой эле кызматтык жол кирени уюштуруу жана кызматкерлердин кызматтык иш сапарларында жашоосу, ошондой эле вахталык метод менен иштерди жүргүзүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр;<br>б. кызматкерлерди ташуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр;<br>в. кызматкерлердин тамак-ашын уюштуруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр;<br>г. байланыш кызматтары, анын ичинде мобилдик байланыш, мобилдик жана стационардык интернетке кирүү, почта-телеграф кызмат көрсөтүүлөрү, анын ичинде кат-кабарларды экспресс-жеткирүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр;<br>д. кеңсе техникаларын, кеңсе эмеректерин жана аларга зарыл материалдарды берүү жана тейлөө кызмат көрсөтүүлөрү;<br>е. геодезиялык, лабораториялык жабдууларды, инструменталдык контролдоо каражаттарын жана аларга чыгымдалуучу материалдарды берүү, коштоо жана текшерүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр; |

| |
|---|
| ж. маалыматтык-аналитикалык камсыз кылуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр (программалык камсыздоону, маалымат базаларын сатып алуу жана жаңыртуу, сатып алынган программалык камсыздоону техникалык колдоо);<br>з. видеобайкоо жана сигнализация сигналдарынны адистештирилген жабдууларын берүүнү жана орнотууну кошо алганда, коргоо кызматтары;<br>и. адистештирилген уюмдардын (лабораториялардын) сапатты контролдоо жана сыноолорду жүргүзүү, экологиялык мониторинг жүргүзүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрү (иштери);<br>к. квалификацияны жогорулатуу, кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо программалары боюнча кызмат көрсөтүүлөр;<br>л. тазалоо (клининг), анын ичинде тиричилик таштандыларын жана карды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрү;<br>м. эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасын камсыз кылуу, анын ичинде жеке коргонуу каражаттары менен камсыздоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр;<br>н. аудиторлордун, нотариустардын кызмат көрсөтүүлөрү;<br>о. кызматкерлерди медициналык тейлөө, анын ичинде кызматкерлерди психиатриялык күбөлөндүрүү кызмат көрсөтүүлөрү;<br>п. ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү;<br>р. Коштолуучу контракт/Контрактты аткаруу үчүн зарыл болгон канцтоварларды, ичүүчү сууну, чарбалык товарларды, дары-дармектерди, логистикалык кызмат көрсөтүүлөрдү берүү;<br>БК заказчысы менен макулдашуу боюнча башка жактар. |

**4. Өзүнчө эсепти колдонуу тартиби.**

**4.1. Өзүнчө эсеп боюнча уруксат берилген операциялардын тизмеги:**

| |
|---|
| а. Чектөөсүз акча каражаттарын чегерүү; |
| б. Акча каражаттарын өзүнчө эсептерге которуу; |
| в. Өзүнчө эсептеги акча каражаттарын өзүнчө эсеп болуп эсептелбеген акча каражаттарын алуучулардын банктык эсептерине которуу: |
| - эгерде акча каражаттарын алуучу Коштолуучу контрактты ишке ашыруунун катышуучуларынын тизмегине кирсе, алар менен эсептешүүлөр өзүнчө эсепти колдонбостон жүргүзүлөт; |
| - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда каражаттарды өндүрүп алуучулардын тескемелерине ылайык; |
| - Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары катталган контрагенттерге; |
| БК заказчысынын жазуу жүзүндөгү көрсөтмөсү/макулдашуусу боюнча жүргүзүлөт. |
| г. Өзүнчө эсеп болуп саналбаган өзүнчө эсептен жеке банк эсептерине которуу: |
| - өзүнчө эсеп болуп саналбаган жеке банк эсептеринен өзүнчө эсепке салынган акча каражаттарынын суммасынан ашпаган өлчөмдө акча каражаттарын; |

| |
|---|
| - Коштолуучу контрактты (Контрактты)/Коштолуучу контракттын (Контракттын)этабын аткаргандан кийин Коштолуучу контрактта (контрактта) каралган сый акынын (пайданын) суммасында; |
| ж. Банк тарабынан өзүнчө эсепке берилген кредиттерди кайтаруу боюнча милдеттенмелерди аткаруу (банк талаптарын канааттандыруу), ошондой эле тиешелүү кредиттик макулдашууларда каралган шарттарга ылайык кредиттерди пайдалангандыгы үчүн чегерилген пайыздарды (айыптарсыз, туум жана туумсуз) төлөө максатында өзүнчө эсептен акча каражаттарын алып салуу. |

**4.2. Өзүнчө эсеп боюнча ишке ашырууга жол берилбеген операциялардын тизмеги:**

| |
|---|
| а. Башка юридикалык жактардын уставдык капиталын түзүүгө байланышкан операциялар; |
| б. Кайрымдуулук иштерин жүргүзүү жана кайрымдуулук каражаттарын берүү менен байланышкан операциялар; |
| в. Баалуу кагаздарды (анын ичинде векселдерди)сатып алуу; |
| г. Баалуу металлдарды, баалуу таштарды жана баалуу металлдардан жасалган монеталарды сатып алуу; |
| д. Өзүнчө эсеп режиминде белгиленген учурларды кошпогондо, акча каражаттарын башка эсептерге которуу; |
| е. Электрондук акчаларды жана виртуалдык санарип активдерди, анын ичинде криптовалюталарды пайдалануу менен операцияларды ишке ашыруу; |
| ж. Өз ара эсептешүүлөрдү жүргүзүү; |
| з. Милдеттенмелердин аткарылышын камсыз кылуунун кепилдиктерин берүү, анын ичинде Коштолуучу контракт боюнча; |
| и. Карыздарды берүү; |
| к. Эмгек акыны, кызматкерлердин эмгек акы фондунан башка төлөмдөрдү, иш сапар жана өкүлчүлүк чыгымдарын төлөөнү, жарандык-укуктук мүнөздөгү келишимдер боюнча өз милдеттерин аткаргандыгы үчүн жеке жактарга сый акы төлөөнү кошпогондо, жеке жаттарга акча каражаттарын которуу (берүү) ; |
| л.Иштерди аткаруу, кызмат көрсөтүү, Коштолуучу контрактты ишке ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык-техникалык ресурстарды сатып алуу жана/же кредиттерди жана алар боюнча пайыздарды сатып алуу үчүн өзүнчө эсепке берилген карыздардын, кредиттердин суммасын жана алар боюнча пайыздарды кошпогондо, ушул Тартиптин 3.1 пунктта көрсөтүлгөн карыздардын, кредиттердин суммаларын жана алар боюнча пайыздарды кайтаруу.; |
| м. Чет өлкөлүк контрагенттердин дарегине которуу үчүн конвертациялоо менен которууларды кошпогондо, чет өлкө валютасын сатып алуу, эгерде бул түздөн-түз Коштолуучу контрактта каралса жана/же БК заказчысы тарабынан макулдашылса; |

**5. Акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышын контролдоо предмети.**

| |
|---|
| Өзүнчө эсеп боюнча акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышын контролдоо Банк тарабынан төмөнкү предметте ишке ашырылат: |
| 1) Аткарылган иштердин, көрсөтүлгөн кызматтардын, сатып алынуучу товарлардын түрүнүн, көлөмүнүн, камтуусунун, наркынын, башка чыгымдардын (предмети жана максаттары) Коштолуучу контракттын шарттарына ылайык келүүсү; |
| 2) Берилген негиздөөчү документтердин коштоочу контракттын шарттарына, ошондой эле контракттын шарттарына ылайык келүүсү; |
| 3) Которууга берилген табыштамалардагы төлөм багыты Коштолуучу контракттын шарттарына, ошондой эле тийиштүү Контракттын шарттарына ылайык келүүсү; |

**6. Акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышына контролдоо жүргүзүүдө БК катышуучусун которууга табыштаманы аткаруудан Банктын баш тартуусуна алып келген учурлардын тизмеги**

| |
|---|
| БК катышуучусу тарабынан өзүнчө эсептен акча каражаттарын максаттуу чыгымдоо шарттарын сактоосун текшерүүнүн терс натыйжалары болуп төмөнкүлөр саналат: |
| * Которууга табыштаманы банктык коштоонун белгиленген параметрлерине ылайык келбегендиги; |
| * Банкка негиздөөчү документтерди (анын ичинде кошумча суроо-талабы боюнча) жана которууга табыштаманы бербөө жана (же) толук эмес берүү; |
| * которууга табыштаманын суммасынын (өзүнчө эсептен төлөмдүн өлчөмүнүн), анын ичинде Банк тарабынан мурда аткарылган которуу тескемелерин эске алуу менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү пландалып жаткан Коштолуучу контракттын же контракттын суммасынан жана/же аванс же аткарылган (жеткирилген) иштерге (товарларга, кызмат көрсөтүүлөргө) жана/же башка негиздөөчү документтерге төлөөгө эсептин суммасынан ашып кетүүсү; |
| * БК мындай катышуучусу менен эсептешүүлөр өзүнчө эсепти гана пайдалануу менен жүргүзүлүүгө тийиш болгон учурда, өзүнчө эсеп болуп эсептелбеген БСнын тиешелүү катышуучусунун эсебинин реквизиттерин которууга табыштамада көрсөтүү; |
| * сатып алынган товарлардын (жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн), предметке төлөнүүчү чыгымдардын жана Коштолуучу контракттын максаттарына ылайык келбеши; |
| * которууга табыштамада Коштолуучу контракттын Идентификаторунун жоктугу же корректүү эмес көрсөтүлгөндүгү. |

**7. Өзүнчө эсептерди жабуу/өзүнчө эсепти банктык эсеп режимине которуу тартибинин өзгөчөлүктөрү.**

БК катышуучусу бир учурда төмөнкү шарттарды сактаганда Банк өзүнчө эсепти жабат/банктык эсеп режимине которот:

Эгерде БК катышуучусу аткаруучу болуп саналса:

* Коштолуучу контракт боюнча бардык милдеттенмелердин аткарылышын тастыктоо;

* Коштолуучу контрактты аткаруу максаты үчүн өзүнө тартылган контрагенттер менен бардык эсептешүүлөрдүн аяктагандыгын тийиштүү негиздөөчү документтерди тиркөө менен тастыктоо;

* Банк тарабынан милдеттенмелердин аткарылышы, анын ичинде Коштолуучу контракттын алкагында жүзөгө ашырылуучу эсептешүүлөрдүн аякташы жөнүндө БК Заказчысынан билдирүү алуу.

Эгерде Коштолуучу контрактты ишке ашыруунун катышуучусу БК катышуучусу болсо:

* Коштолуучу контракты аткаруу максатында түзүлгөн келишимдер боюнча бардык милдеттенмелердин аткарылышын тастыктоо;

* тийиштүү негиздөөчү документтерди тиркөө менен Коштолуучу контрактты аткаруу максатында түзүлгөн келишимдерди аткаруу үчүн тартылган контрагенттер менен бардык эсептешүүлөрдүн аяктагандыгын тастыктоо.

**9. Акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышына эсептөө мониторинг жүргүзүүнүн жана контролдоонун натыйжалары жөнүндө кошумча отчеттуулуктун формалары:**

*БК келишиминин 5.4 пунктуна ылайык БК Заказчысы интерактивдүү отчеттуулукта түзүлүүчү акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышына эсептөө мониторинг жүргүзүүнүн жана контролдоонун натыйжалары жөнүндө кошумча отчеттордун төмөнкү формаларын берүүнү өтүнөт: - ______________________.*

**10. Кошумча шарттар: - [______________________].**

**Тиркеме:**

*1) Коштолуучу контрактын көчүрмөсү___б.___н.*

**БС заказчысы**

____________________/__________________**20___ж. "__" _______**

**М. О.**

***Банк тарабынан бекитилгендиги жөнүндө белги:***

**БЕКИТИЛДИ**

БКга ушул табыштама боюнча Коштолуучу контрактка төмөнкүдөй Идентификатор (ККА) ыйгарылгандыгын маалымдайбыз):

____________.__________________**М.О._____20__ ж. "__" _____**

| **Банк** | **БК Заказчысы** |
|---|---|
| ____________/_____________ | __________/________________ |
| **М. О.** | **М. О.** |

БК жөнүндө келишимдин
типтүү формасынын
3-тиркемеси

# БАНКТЫК КОШТОО ПАРАМЕТРЛЕРИН ӨЗГӨРТҮҮГӨ ТАБЫШТАМАНЫН ФОРМАСЫ

**Банктык коштоо параметрлерин өзгөртүүгө табыштама**[3]
*[Фирмалык бланкта тариздelет]*

ККА: ____________.

Банктык коштоо параметрлерин (БК параметрлерин) өзгөртүүгө ушул табыштама 20___ж. "___"_______ №____ Банктык коштоого табыштамага (мындан ары – БК заказчысы) карата Банктын коштоо жөнүндө 20__ж. "___"_____ №___Келишиминин 3.4 пунктуна ылайык берилет.

Өтүнөм *[БК табыштамасы боюнча БК параметрлерине төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдү киргизинүүнү жана аларды төмөнкүдөй редакцияда баяндоону: Текст]*

*[БК табыштамасы боюнча БК параметрлери төмөнкү шарттар менен толукталсын: Текст]*

*[БК табыштамасы боюнча БК Параметрлериндеги төмөнкү шарттарды жокко чыгаруу: Текст].*

*[Негизги маалыматтардын өзгөрүшүнө байланыштуу БК табыштамасында мурда берилген негизги маалыматтардын өзгөртүүлүшүнө байланыштуу Банктык коштоонун заказчысы жөнүндө төмөнкү маалыматтарды жетекчиликке алууну өтүнөбүз: Текст].*

| |
|---|
| ***БК табыштамасы боюнча БК заказчысынын байланышчу жагы:***<br>___________________________________ |
| Тел.:_________, моб.тел.:__________;<br>Электрондук почта дареги:_______________________________ |

**Тиркеме:**

*БК параметрлерине өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгы жөнүндө түшүндүрмөлөр ______б. _____ нускада..*

**БК заказчысы**

___________________/___________________20__ж. "__" _____

**М. О.**

***Банк тарабынан бекитилгендиги тууралуу белги:***

**БЕКИТИЛДИ__________ М.О.**________ 20__ж. "__" _________

---

[3] БК заказчысы же Банк БК параметрлерин өзгөртүүгө табыштаманын формасын өз кароосу боюнча өз алдынча өзгөртүүгө же кандайдыр бир жол менен толуктоого укуктуу.